DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



***ГЕОГРАФИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***GEOGRAPHICAL SCIENCES***

*Садыралиева Н.И.*

# ШЕКЕР АЙЫЛЫНДАГЫ ТОПОНИМДЕРДИН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН ГЕОГРАФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Садыралиева Н.И.*

# ГЕОГРАФИЧЕСКАЯ ОСНОВА ФОРМИРОВАНИЯ ТОПОНИМОВ В СЕЛЕ ШЕКЕР

*N. Sadyralieva*

# GEOGRAPHICAL BASIS FOR THE FORMATION OF TOPONYMS IN THE VILLAGE OF SHEKER

*УДК: 81̓373.21(4/9)*

*Макалада Талас облусунун Кара-Буура районуна караштуу Шекер айылдык аймагынын географиялык абалы жана андагы жер-суу аттарынын келип чыгуу тарыхы жана калыптанышы каралган. Топонимдердин пайда болуусуна жана калыптанышына айыл элинин, уруунун, башка улуттардын көчүп келип конуулары дагы себеп болгон. Топонимдер Ч.Айтматовдун чыгармаларында болгондугу айылдын экономикалык-социалдык абалына таасирин тийгизген. Шекер айылындагы оронимдер, гидротопонимдер, зоотопонимдер, фитотопонимдер, антротопонимдер жана этнотопонимдери каралып, изилденилди. Топонимдердин изилденилиши учурдун талабы, ошондой эле топонимдер географиянын маанилүү компоненти болуп саналат. Алар адам менен географиялык объекттин ортосундагы байланыштын бир түрү. Шекер айыл аймагын түзүп турган эки айылдын жер-суу аталыштарын (топонимдерин) гана көрсөтүү менен чектелбестен, тарыхый, кызыктуу жана маанилүү илимий маалыматтарды топтодум.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан, Манас, Талас, Шекер, Кара-Буура, Кууганды, Күркүрөө суусу, Арчагул, Ботокөз булак, топоним, география.*

*В статье описывается географическое положение сельского округа Шекер Кара-Бууринского района Таласской области, история и формирование в нем топонимии. Возникновение и формирование топонимов также было связано с миграцией жителей сел, племен и других народностей. Наличие топонимов в произведениях Чынгыза Айтматова сказалось на социально-экономической ситуации в селе. Рассмотрены и изучены оронимы, гидротопонимы, зоотопонимы, фитотопонимы, антропопонимы и этнотопонимы села Шекер. Изучение топонимов – это требование современности, а топонимы – важная составляющая географии. Они являются своеобразной связью между человеком и географическим объектом. Мы собрали не только названия земли и воды (топонимы) двух сел, входящих в состав сельского округа Шекер, но и историческую, интересную и важную научную информацию.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, Манас, Талас, Шекер, Кара-Буура, Кууганды, река Кюркюрё, Арчагул, родник Ботокоз, топоним, география.*

*The article describes the geographical position of the Sheker rural district of the Kara-Buura district of the Talas region, the history and formation of toponymy in it. The emergence and formation of toponyms was also associated with the migration of residents of villages, tribes and other nationalities. The presence of toponyms in the works of Chyngyz Aitmatov affected the socio-economic situation in the village. Oronyms, hydrotoponyms, zootoponyms, phytotoponyms, anthroponyms and ethnotoponyms of Sheker village are considered and studied. The study of toponyms is a requirement of modernity, and toponyms are an important component of geography. They are a kind of connection between a person and a geographical object. We have collected not only the names of land and water (toponyms) of two villages that are part of the Sheker rural district, but also historical, interesting and important scientific information.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, Manas, Talas, Sheker, Kara-Buura, Kuugandy, Kyurkyure River, Archagul, Botokoz spring, toponym, geography.*

**Шекер айылдык аймагынын географиялык мүнөздөмөсү.** Талас облусундагы Кара-Буура районунун Шекер айылдык аймагы, Талас Ала-Тоосунун этегинде, Күркүрөө суусунун боюнда жайгашкан [1]. Райондун борбору Кызыл-Адыр айылынан 46 км түндүк батыш тарапта, Маймак темир жол станциясынан 15 км алыстыкта жайгашкан [5]. Жалпы аянты 11167 га, калкы 6406 адамды түзөт [4].

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557






**1-сүрөт.** Шекер айылы.

**Шекер айылдык аймагындагы айрым топонимдердин түрлөрү жана алардын калыптанышы:**

***Этнотопонимдер*** **–** Топонимдердин түрдүү топторунун ичинен этнонимдик географиялык аталыштар, же этнотопонимдер өзгөчө орунду ээлейт. Алар байыркы уруулардын, элдердин жана башка этностук бирдиктердин атын ушул күнгө чейин сактап келген тирүү күбөлөр. Көбүнчө унутулуп, жок болуп бара жаткан элдердин бар экендигинин фактыларын топонимикадагы далилдер менен гана табууга болот. Демек, этнотопонимдерди географиялык аталыштардын эң байыркы түрлөрүнүн бири катары кароого болот. Цивилизациянын алгачкы этаптарынан бери этникалык аттар аймактык белги катары колдонулуп келген [2];

**Манас чокусу –** Манас чокусу Талас Ала-Тоосунун эң бийик жери, бийиктиги 4482 м. Талас Ала-Тоосунун батыш бөлүгүнөн түндүктү көздөй кеткен тармагында жайгашкан жыланач чоку. Капталдары өтө тик, кар мөңгү toktoбойт. Түштүк чыгыш капталындагы мөңгүдөн Күркүрөө суусунун башаты башталат[1]. Топонимдин түпкү тарыхы Манас эпосуна байланыштуу коюлган антротопоним болуп аталып келет жана географиялык карталарда Манас чокусу деп жазылып, белгиленген.

**Шекер –** Шекер айылынын аталышын изилдөө эки ача ойлордун жаралышына алып келди. Казакстан менен чектешкен аймак катарында каралган топоним кээ бир тургундардын, санжырачылардын айтымында “Шек ара” деген казактын эли атаган аталыштын негизинде аталат деген ойлор болгон болсо, кээ бирлери Р.Айтматованын чыгармасындагы маалыматтарга таянып Шекер деген кыздын (Аял затынын) аты катары кабылданган, бирок көпчүлүк тургундар Шекер уруусунун атынан келип чыккан деген тастыктоолору басымдуулук кылган. Бул топоним Ч.Айтматовдун өмүр жолунда Чыңгыз Шекер уруусунан чыккан чыгаан уул деп тастыктоого далил болот. Топоним, Шекер айылынын аймагына алгачкылардан болуп Шекер уруусундагылар көчүп келип, конуш катарында кыштакка калыптаныргандыгы үчүн, (Шекер уруусу көчүп келе электе айыл Күркүрөө деп суунун аталышынан гана аталып келген) уруунун аталышы айыл атынын келип чыгуусуна, аталышына себеп болгон [6].

***Антротопонимдер*** **–** Жер аттары менен адам аттары тыгыз байланышта. Сансыз географиялык объектилер адамдардын жеке аттары менен аталган. Негизинен бул категориядагы аттар ойкономикада кеңири таралган. Антропотопонимдердин эки негизги подкатегориясы бар – патрономиялык жана мемориалдык топонимдер. Бул топонимдер алгачкы отурукташкандардын, жер ээлеринин жана башка категориядагы адамдардын (грекче lahruuzzo^ – «атасынын атын алып жүргөн» атасынын аты) аттары, фамилиялары жана лакап аттарынын негизинде пайда болгон [2];

**Чыңгыз чокусу –** Талас Ала-Тоосундагы Манас чокусуна катарлаш Чыңгыз чокусу жатат, чокунун аталуу себептери Ч.Айтматовдун дүйнө салышы менен байланышат. 2008-жылдан тартып аталган чоку Чыңгыз аталышына ээ болуп, Манас, Чыңгыз катарлаш чоку аталыштары айылдын тарыхында алтын тамга менен белгиленип калды. Аталган топонимдин пайда болуусуна айыл элинин демилгеси себеп болгон [2].

***Гидротопонимдер*** **–** Суу белгилеринин негизинде берилген ысымдар планетанын топонимиясында өтө көп кездешет. Жердин суулары – аккан жана акпаган, көлдөр жана булактар, дарыялар жана суулар – өздөрүнүн физикалык, химиялык жана башка мүнөздөмөлөрү боюнча өзгөчө ар түрдүү. Гидронимдик топонимдерде суунун агымы, түсү, даамы, жыты, каналдын жана жайылмалардын табияты ачылат;

**Күркүрөө суусу –** Күркүрөө суусунун башаты болгон Талас Ала-Тоосундагы Манас чокусунун түш-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



түк-чыгыш капталындагы мөңгүдөн агып түшкөн Байсерке, Кашка-Суу, Баркырак-Суу, Арабийик (Казакстан менен Кыргызстандын ортосундагы суу) сууларынан куралган Күркүрөө суусу. Суунун аты айтып тургандай эле суу кышы жайы дебей күркүрөп аккан, ошол себептен "Күркүрөө" аталышы пайда болгон. Айыл элинин атоосу менен атына заты жарашкан гидротопоним дүйнө эли тааныган Ч.Айтматовдун чыгармаларында да кездешет. (жергиликтүү элдин айтымында) Суу кирген жаз мезгилдеринде суудан өтүү кыйынчылыктары жаралган. Күркүрөө суусу бир гана Шекер айылын гана эмес, ага чектеш айылдардын айыл чарбасы, экономикалык чөйрөсү үчүн да маанилүү болгон [6].

**Кашка-Суу** – кашка деген сөз ар кандай мааниде айтылат, анын бири суунун какшап, муздак болуп агышынын негизинде деген болсок, экинчиси тоо боорунан аккан суу кашкадай (аттын кашкасындай, башкача өң берип турган үчүн) көрүнүп турат деп айтылып келет. Талас Ала-Тоосундагы Манас чокусунун түштүк - чыгыш капталындагы мөңгүдөн агып түшкөн Кашка-Суусу Күркүрөө суусунун башаты. Суу чоң көлөмдө болбосо дагы мөңгүнүн түзүүчүсү болгондуктан таза жана муздак деп мүнөздөлөт [6].

***Фитотопонимдер*** **–** топонимикалык маалыматтар көп учурда ар кандай өсүмдүктөрдүн түзүлүшүнүн жана флоранын түрлөрүнүн таралышы жөнүндө түшүнүк берет. Маанилүү табигый ориентир катары, ошондой эле калктын жашоо-тиричилигинин негизги булактарынын бири болуу менен өсүмдүктөр жер шарынын көптөгөн аймактарынын топонимиясында чагылдырылган;

**Арчагул айылы (Арчалуу) –** Шекер айылдык аймагын түзүп турган Шекер жана Арчагул айылдары. Арчагул аталышынын тарыхы башка улуттардын айылга көчүп келүүсү менен баяндалат, себеби кыргыз тилинде "арча көп, арчасы көп аймак, арчалуу кыштак" - деп жергиликтүү элдин оозунда айтылып жүрүп (XIX кылымдын башында) Арчалуу аталышы орус улутундагы калктын санынын көбөйүшүнүн негизинде бурмаланылып Арчагул деп аталып калган. Топонимдин өзгөрүүсүнө айыл элиндеги башка улуттардын таасири тийген. Учурда Арчагул деп айыл документтештирилген жана сакталган [6].

***Зоотопонимдер*** **–** Топонимикалык маалыматтар өткөн мезгилдеги ар кандай жаныбарлардын түрлөрүнүн таралышын чагылдырат. Мындай аталыштар фитотопонимдерге караганда азыраак, бирок алар да кеңири таралган;

**Ботокөз булак –** Шекер айылынын жогору жагындагы кара бак, эски мектеп, Дүйшөндүн эки тереги жайгашкан жерде, Ч.Айтматовдун сырына күбө, ыйына күбө ыйык булак бул Ботокөз булагы болгон. Булактын аталышы бакырайган сулуу көзгө окшоштурулуп аталып жүрүп ботокөз топоними пайда болгон. Аталган топоним учурда (Мырзанаев Кененбай ак сакалдын "Шекердин ак булуту" аттуу китебинде Чыңгыздын булагы деп жазылган) Чыңгыздын булагы деп аталган учурлары дагы кездешет [3-6].

**Кууганды (Көгөндү) –** Кууганды аймагы Шекер айылынын эли үчүн кыштоого ыңгайлуу жер болгон. Кышында ал жердеге сарайларга мал жаны менен кышташып, жазайларында дан өсүмдүктөрүн (чөп) өстүрүү максатында пайдаланылган айдоо жери дагы болгон. Ал аймакка орус улутундагы элдердин көчүп келүүсү Көгөндү аталышын Кууганды кылып өздөрүнүн тилине ылайыктап айтуусунун негизинде аталыш бурмаланылып айтылып калган. Негизги түпкү топонимге кайрылсак, курт-кумурскалардын түрүнө кирген көгөндүн (көгөн малдын канын соргон курт-кумурскалардын бир түрү) ал аймакта көп болушу менен айтылат. Көгөндүн көптүгү менен ал аймак өзгөчөлөнүп аталып келген. Ага карабастан учурда бурмаланылып аталган топонимди аташып келишет [6].

**Шекер** – Шекер айылынын аталышын изилдөө эки ача ойлордун жаралышына алып келди. Казакстан менен чектешкен аймак катарында каралган топоним кээ бир тургундардын, санжырачылардын айтымында "Шек ара" деген казактын эли атаган аталыштын негизинде аталат деген ойлор болгон болсо, кээ бирлери Р.Айтматованын чыгармасындагы маалыматтарга таянып Шекер деген кыздын (Аял затынын) аты катары кабылданган, бирок көпчүлүк тургундар Шекер уруусунун атынан келип чыккан деген тастыктоолору басымдуулук кылган. Бул топоним Ч.Айтматовдун өмүр жолунда Чыңгыз Шекер уруусунан чыккан чыгаан уул деп тастыктоого далил болот. Топоним, Шекер айылынын аймагына алгачкылардан болуп Шекер уруусундагылар көчүп келип, конуш катарында кыштакка калыптаныргандыгы үчүн, (Шекер уруусу көчүп келе электе айыл Күркүрөө деп суунун аталышынан гана аталып келген) уруунун аталышы айыл атынын келип чыгуусуна, аталышына себеп болгон [6].

**Оронимдик топонимдер –** Географиялык аталыштардын бул тобу рельефтин өзгөчө белгилерин чагылдырат. Тоо кыркаларынын, массивдердин жана чокулардын көптөгөн белгилүү аталыштары рельефтин өзгөчөлүгү менен байланыштуу;

**Арабийик суусу –** документтеги аталышы Арабийик деп аталат. Ал эми эл оозунда Арабөк, Арабек деген аталышты алып жүргөн агын суу. Манас чокусунун каптал жээгиндеги мөңгүлөрдөн куралып, Күркүрөө суусунун түзүүчүсү болуп саналат. Топонимдин Арабийик аталышынын себеби, рельефтин өзгөчөлүгүнө (бийиктигине) карап берилген. Бийик алкактан агып түшүүсү топонимдин пайда болуусуна себеп болгон [6].

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, Талас об-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



лусунун Кара-Буура районуна караштуу Шекер айылдык аймагынын айрым бир географиялык топонимдерин изилдеп, азыркы учурдагы жана мурунку тарыхый жер-суу аталыштарынын келип чыгуу себебине жана калыптанышына токтолдук. Талас облусунун энциклопедиясынан, Шекер айыл аймагынын катчы бөлүмүнөн жана айылдын санжырачы ак сакалдарынын берген маалыматтарынын негизинде жазылды.

**Адабияттар:**

1. Талас облусу: энцклопедия / Башкы ред. А.Карыпкулов., Ред. колл.: И. Айтматов., Ред. кеңеш: П. Касымов (төрага) ж. б., Ред. улут. тил. комис. "ИА" Кырг. Респ. Мамл., Башкы ред., 1995-ж. - 320 б.
2. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. - Ф.: Мектеп, 1977-ж. - 152.
3. Шекердин ак булуту К.Мырзанаев / Башкы редактор Р.Ч. Момбеков. - Бишкек, 2012.
4. Шекер айылдык аймагынын 2021-жылдагы статистикалык маалыматы.
5. Шекер айылдык аймагынын паспорту.
6. Санжырачы ак сакалдар (Кененбай, Кубаныч ак сакалдар).
7. Садыралиева Н.И. Происхождение и география некоторых топонимов в сельском округе имени А.Нуржанова Таласского района. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 10-13